*Ажыкан уулу М.*

# КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА ТУВАЛЫКТАРДЫН ТУРАК-ЖАЙЫНДАГЫ ЖАЛПЫЛЫКТАРЫ

*M. Azhykan uulu*

# HOUSING SIMILARITIES BETWEEN KYRGYZ AND TUVA

*УДК:947.1:316.7(575.2)(043.3)*

*Макалада кыргыздардын жана тувалыктардын турак-жайындагы окшоштуктар жана жалпылыктар каралган.*

*The article discusses the housing similarities between Kyrgyz and Tuva.*

Кыргыздар менен тувалыктардын турак-жай комплекстеринде боз үйдөн башка түрлөрүндө дагы бир нече окшоштуктар байкалат.

Көчмөнчүлүк турмушта боз үй менен катар көчүрүлүүчү турак-жайдын башка тиби болуп эсептелген алачыкты атоого болот. Алынган маалыматтарга таянсак, бир нече түрлөрүндө тува жана кыргыз этносторунун ортосундагы этно-маданий жалпылыктарды далилдөөгө негиз болуучу окшоштуктар көрүнөт.

Кыргыздар колдонуп келген алачыктын эң байыркы түрү шыргыйлардын башын тийиштирип байлап, үстүнө кийиз жабылган конус түрүндөгү алачыктар болгон [1]. Мындай түрүн кийинки XX кылымдын баш чендеринде кыргыздар чанда пайдаланышкандыгы тууралуу маалыматтар бар, кийин колдонуудан таптакыр чыгып калган [2]. Байыркы кытай булактарындагы кыргыздардын турак-жайы жөнүндөгү маалыматтарда: "Алар учтары бир аз ийилген шыргыйлардын башын бириктирип байлап, үстүн кийиз менен жабышат, алар үчүн турак-жай катары кызмат кылат", - деп белгиленет [3].

Ал эми Чыгыш Памирдин кыргыздары мындай алачыкты жырткычтын терилери менен жабышкан [4]. Жогорудагы кыргыздарда кезиккен түрү Түштүк Сибирь аймактарында жашаган алтай, тувалыктарда дагы колдонулуп келгендиги тууралуу бир нече кызыктуу маалыматтарды учуратууга болот. В. В. Радлов 1861-жылы Алтайдагы Чуламыш дарыясынын өрөөнүндө тери менен жабылган алачыктарды көргөндүгүн айткан [5]

Тоджи - тувалыктар шуңшугуй (конус түрүндө) кайың кабыктары менен жабылган алачыктарда жашашкан. Бирок жылдын суук мезгилдеринде бугу өстүрүчүлөр бугунун же багыштын терисинен тигилген чумдарды пайдаланышкан [6]. Кыргыздар алачыктын мындай түрүн "сайма алачык" деп аташкан. Бул өзгөчө нарын аймактарында кеңири жайылган [7]. Окумуштуу А.А.Асанканов Или дарыясынын өрөөнүндө, Памирде жана Кызыл-Суу Кыргыз Автономиялык облусынын аймактарында жайлоого чыканда сайма алачыктарды пайдаланышаарын билдирет: "Анын керегеси жок жалаң ууктардан, көлөмү кичине түндүктөн турат. Ууктартардын бир учун жерге тикесинен сайып башына түндүгү орнотулат. Үстүнө кийиз жабышат. Ал: сайма алачыктар бир гана жайлоого чыканда гана эмес айылдарда жай мезгилдеринде турак-жай катары кеңири колдонулат. Муну биз экспедиция учурунда байкадык", - деп билдирет [8].

С.М.Абрамзон келтирген маалыматтарда Тянь-Шанда жылкычылар пайдаланган алачыктын тибин "отоо" деп аташкан [9]. Бизге маалым болгондой, Нарын аймактарында бул типтеги жолум үйлөрдү пайдалануу дээрлик унутта калган. Бирок жакынкы жылдарга чейин жылкычылар жана чабандар колдонушкандыгы тууралуу кабарлар бар [10].

Тува аймактарында алачыктын бир нече түрлөрү кездешет. Аларга көчмөн мал чарбачылыгы менен алектенген урууларды́н жана түндүк-чыгышында бугу баккандардын алачыктары кирет. Булардын ичинен борбордук жана батыш бөлүгүндөгү көчмөн турмушта жашаган уруулардын алачыктары кыргыздардыкына окшош экендиги байкалат. Мисалы, бул турак-жайды курууда, кыргыздар сыяктуу эле, шыргыйлардын башын тийиштирип байлап, үстүн кийиз менен жабышат. Кээ бир учурларда аң терилери жана дарактын бутактарын колдонушкан. Аны XX кылымдын баш чендерине чейин колдонуп келген [11]. Ал эми Тыванын түндүк-чыгыш аймагындагы бугу багуучулардын пайдаланган алачыктары кыргыздардыкынан сырткы түзүлүшү, жагынан кескин айырмаланат. Ошону менен бирге түндүктө жашаган элдердикине - эвенкилердин турак-жайларына өтө окшош. Кыш айларында бугунун териси менен жайкысын дарактын кабыгынан жабышкан. Анын диаметри 5 метрге, бийиктиги 2,5-3 метрге чейин жетет. Байкалып тургандай, сырткы түзүлүшүндө анчалык көп болбогону менен, ички бөлүнүштөрүндө окшоштуктар байкалат. Мисалы, очок боз үйдөгүдөй эле алачыктын ортосунда жайгашкан, үйдүн оң тарабы аялдарга тиешелүү болсо, сол тарабы эркектерге таандык [12]. Бул турак үйдүн аталышындагы өтө жакындык бар. Туванын дээрлик бардык аймактарында жана Тайга зоналарында колдонушкан алачыктардын баарын эле "алажы", "алажыөг" деп аташат. Ал эми кыргыздарда "алачык" деп аталып, тыбыштык жактан гана бир аз айырмачылык байкалат. Бул термин кыргыздар менен тувалыктардан башка дагы түрк тилдүү элдерде: "алачу", "аланчык", "аланчу", "аланчых" ж. б. у. с. аталыштар менен белгилүү Е.В.Севортяндын оюу боюнча, терминдердин ичинен лексикалык формасы жагынан эң байыркысы - тувалыктар колдонгон "алажы" сөзү. Ал эми калган түрк элдеринде колдонулган терминдер өзгөрүлүп пайда болгон деп белгилейт [13].

С.И.Вайнштейндин белгилөөсү боюнча, түрк элдеринин ичинен бир гана саян-алтай түрк тилдүү этностору алачыктан башканы "алачык" деп аташпайт. Ал

эми калган тектеш элдерде малчынын убактылуу колдонуучу жайын, чөп жыюучу бастырманы жана башкаларды да аташат деп билдирет [14].

Кыргыздарга токтолсок, "алачык" деп бир эле учурда кичине боз үйдү дагы аташкан учурлар кездешет [15]. Ага байланышкан материалдарды Ф.А.Фиельструптун отчётунан кезиктиребиз. Ал учтары буулган түз шыргыйлардан эле түтүн чыгуучу тешик болуп кызмат кылган, чакан, учтары аркан менен тирелген шыргыйлардан жасалган, конус түрүндөгү тулкусу бар "кийиз алачык" жөнүндө жазган [16].

Ошондой эле К.И.Антипина да тулкусунун ортосунда шыргый тирөөч коюлган, түндүккө сайылган ууктардан турган алачыктын ушундай эле тиби жөнүндө айтып өткөн [17]. Жогорудагы алачыктын Талас, Чүй өрөөндөрүндө колдонулгандыгы сурамжылоолордун натыйжасында белгилүү болду. Бул аймактарда XX кылымдын баш чендерине чейин колдонулуп келгендиги маалым [18].

Көчүрүп жүрүүчү башка типтеги алачыктын дагы бир түрү тувалыктарда да, кыргыздарда да кездешет. Бул турак-жай курулушунда боз үйдүн дагы элементтери камтылган жана ал кыргыздарда кеңири тараган. Анын тулкусуна токтолсок, бир башы түндүккө аштальп, экинчи учу жерге сайылган ууктардан турат. Ал эми үстүнө бир-эки туурдук жабылат. Ф.А.Фиельструп жогорудагы отчётунда "жүк артуучу унаасы аз адамдар" мына ушундай типтеги турак-жай менен көчүп-конуп жүрүшкөндүгүн билдирет. Ал эми К.И-.Антипина анын башка: кепе, актигер, тегиртмек деген аталыштарын да мисалга тартып, аны сүрөттөп жазат [19]. Аталыштагы мындай айырмачылык ар кайсы аймактын тилдеги диалектилик өзгөчөлүктөрүнө көз карандылыгынан улам келип чыккан. Мисалы, "тегиртмек" сөзү түштүк диалектисинде, биринчи маанисинде "кичинекей боз үй", ал эми экинчисинде "алачык" деген сөздү түшүндүрөт [20]. "Кепе" термини түндүк диалекти боюнча кеңири колдонулган сөз болуп эсептелет. Мисалы, "кепе там" деген термин жапыс же өтө чакан турак-жайларга карата айтылат, башкача айтканда, "кичине үй" деген маанини берет. Демек, боз үйдөн кичирээк турак үйдү - алачыкты алар ушунтип аташкан [21]. Эгер тувалыктарга кайрыла турган болсок, белгилүү окумуштуу Л.П.Потапов: "Тувалыктардын конус түрүндөгү эң эски боз үй - "подей" да алачыктын өзү болгон, анын "тулкусу" да түтүн чыгуучу түндүгүнөн жана ага сайылган ууктардан туруп кийиздер менен жабылган" деп баяндайт Туванын батыш райондору Бай-Тайга, Кара-Көл аймактарында жашаган улуу муундагы колхозчулар "подей" алачыгын кечээ жакынкы жылдарга чейин күнүмдүк турмушунда колдонуп келишкендигин билдиришкен. Сырткы түзүлүшү боюнча сүрөттөөлөрдө боз үйдүн түндүгүнөн жана ууктарынан турган, ал эми ууктардын бир учу жерге сайылып, экинчи учу түндүккө бекитилген, үстүнө болсо кийиз жабылып, анын сыртынан кылдан жасалган аркан менен бекитилген [22]. Окумуштуу П.И.Каралькин келтирген маалыматтарда Казакстандын түндүк-чыгышын жердеген уруулардын атайын жылкычылар үчүн пайдаланган кос алачыгы подей алачыгына өтө окшош экендиги айтылат [23]. Чыгыш тувалыктардан айырмаланып, батыш тувалыктарда түндүктөн жана ууктан турган алачык кеңири таралган. Кээде боз үйдүн керегеси жарабай калганына байланыштуу ушундай алачыкты тигишкен. Муну көбүнчө кедей-кембагалдар турак-жай катары урунушкан. Дегеле, мындай түрдөгүсүн көчүп-конгондо тигишкен же колунда жоктор колдонушкан. Ал эми Тоджи аймагында (Туванын түндүк-чыгыш бөлүгү) ушул типтеги алачыкты социалдык абалы начар, колунда бар үй-бүлөлөр дагы колдонушкан. С.М.Андреев памирлик кыргыздардын арасында болгон учурунда мындай алачыкты көбүнчө калктын социалдык жактан жакыр катмары колдонгондугун белгилейт: "Боз үйлөр менен катарлаш эле жапайы жаныбарлардын терилери менен жабылган алачыктарды да кезиктирүүгө болот". Ошол эле учурда Памирде жаныбардын териси менен жабылган алачыктар алыскы бийик тоолуу аймактарда 1926-жылдарга чейин деле кезиккендиги тууралуу маалыматтар бар [24].

Алачыктын көчмөн элдердин күндөлүк турмуш-тиричилигинде алган орду боз үйгө салыштырмалуу төмөн экендигине карабастан, ар кандай учурларда колдонулуп келген жана сырткы түзүлүшү жагынан дагы көп кылымдар бою өзгөрүлгөн эмес. Дагы бир көңүлдү бурдура турган нерсе -кыргыздар менен батыш тувалыктарда кезиккен алачыктардын бири-бирине өтө окшоштугу. Ал эми Туванын түндүк-чыгыш аймактарын жердеген уруулардыкы салыштырмалуу батыш тувалыктардыкынан жана кыргыздардыкынан айырмаланып турат. Бул багытта дагы терең изилдөөлөр жүргүзүлүшү керек. Батыш тувалыктар колдонгон алачык, алардын маалыматында, Тоджи аймагында кезиккен үйлөргө караганда бир нече эсе жапысыраак келип, бийиктиги, болжол менен, 2,3 метрден 2,5 метрге чейин, диаметри 3 метрге жетет. Сырты кийиз менен жабылган түндүк жабуусу болгон. Өзгөчө белгилей кетчү нерсе - чыгыш тувалыктарда түндүк жабуу колдонулбайт. Ал эми Кыргызстандын аймактарында бул типтеги турак үйлөрдө түндүк жабуулары болгон. Кышкысын үйдүн ылдыйкы этегин топурак менен бүтөшкөн. Ысык-Көл районунун Сары-Ой айылынын 96 жаштагы тургуну Коңурбаева Анапиянын маалыматтарында кедей үй-бүлөлөр теректин кабыктары менен сыртын жабышкандыгы айтылат.

Байыркы тарыхый булактарда алачык тууралуу бир нече маалыматтарды кезиктиребиз. Мисалы, Худуд-ал-алам кыргыздар тууралуу баяндоосунда мындай дейт: "Кыргыздарда айылдар да, шаарлар да кезикпейт, алардын кагандан башкасы боз үйлөрдө жана чакан алачыктарда жашашат" Мындан тышкары, Н. Я. Бичуриндин кытай жазма булактарынан алган котормосунда: "Алар кийиз менен жабылган алачыктарда жашашат" деп билдирет [25].

Кыргыздар алачыктарды көчүп-конгондо да пайдаланышкан. Мисалы, жолум үйдү алыскы жайыттарга бара жатканда убактылуу тигип колдонушкан. Мындай үйдүн сөөгү 15-20 жердиктен турган, ал эми алардын башын бириктириш үчүн ичке бутакты жал, куйруктун кылынан жасалган аркан менен сыртынан ороп чыгып, эки башын бириктирип кайыш боо менен бекитишкен. Түндүктүн ордуна жердиктердин башын ага бириктиришкен, ал эми ылдыйкы бөлүгүн тегерете

боз үйдүн формасына окшоштуруп жерге сайышкан. Сыртын көп учурларда таар жана кийиз менен жабышкан. Кедей үй-бүлөлөр жыл бою жолум үйлөрдө негизги турак-жай катары жашап турушкан [26].

Тувалыктарга токтолсок, "чадыр" деп аталган, сырткы түзүлүшү кыргыздардын жолум үйүнө өтө окшош, турак-жайын салыштырып кароого негиздер бар. Мисалы, Туванын батыш бөлүгүндөгү Улуг-Хем районунун чооду уруусунун өкүлдөрүнүн билдирүүсүнөн чадыр тууралуу кенен маалыматтарды кезиктиребиз. Алардын айтымында, эң эски түрүнө кирет. Чооду уруусунан башка, аларга аймакташ жашаган Нарын дарыясынын бассейниндеги монгол тилинде сүйлөгөн тувалыктар да чадырды турак-жай катары урунуп келишкен. Бирок алардын билдирүүсүндө, "цацир" же "чагир" деп аташат. Булардан айырмаланып, чооду уруусунун өкүлдөрүнүн айтымында, алардын эң түпкү турак-жайы болуп эсептелет.

Анын сөлөкөтү же негизи боз үйдүн ууктарына окшош, бирок андан бир аз жоонураак келген жердиктерден турат. Жердиктердин саны 20дан 55ке чейин болуп, тыт дарагынын бутактарынан жасашкан. Ал эми жердиктердин башын бекитүүчү түндүгүн кайыңдан даярдашкан. Түндүктүн диаметри 1 метрден бир аз узунураак болуп, ал эми чатырдын жалпы диаметри, болжол менен, 5-6 метрге жеткен. Сыртына кийиз жабууда сөзсүз түрдө түндүк тарабынан жабуу эске алынган. Ал эми чатырдын оозу түштүктү каратылып чыгарылган. Алардын айтымында, чатырларда жайыкышы жашашкан, жай айларында кийиздин ордуна чөп төшөшкөн, кийинчерээк чатыр боз үйлөрдүн көбүрөөк таралышы менен колдонуудан чыга баштаган [6.311, 5.б].

Байкалып тургандай, кыргыздардын жолум үйү менен тувалыктардын чадырынын ортосундагы кээ бир айырмачылыктарга карабастан, жалпы окшоштуктар байкалат. Мисалы, булардын түндүгү жогоруда биз токтолуп өткөн алачыктардан айырмаланып, ордуна атайын үйдүн өзүнө ылайыкташтырылып даярдалган. Башкача айтканда, бул турак-жайларды курууда боз үйдүн түндүгү колдонулган эмес жана ал көлөмү жагынан боз үйдүн түндүгүнөн бир аз кичирээк келген.

Ал эми аталышына токтолсок чатыр сөзү кыргыздарда кийин пайдаланыла баштаган турак-жайдын дагы бир түрүн атоодо колдонулат. (Жогорку окуу жайынын окутуучусу тарыхчы, этнограф) Баткен районунун Бөжей айылынын мурдагы жашоочусу 42 жаштагы Эралиев Салаидиндин берген маалыматында чатыр сөзү кыргыздарда азыркы учурда турак-жай катары кеңири пайдаланылган чакан палаткаларды атоодо колдонулат. Биздин байкоолорубузда Талас өрөөнүндө да жогорудагыдай эле аталышка ээ. Мындан тышкары кыргыздар үйдүн үстүн дагы аташат. Мүмкүн кыргыздарда дагы мурда бул аталыш турак-жайдын кээ бир түрлөрүнө карата колдонулуп келген болуусу керек.

Биздин изилдөөлөрүбүздүн негизинде тува жана Кыргызстандын аймагында XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында алардын жашоо тиричилигинде дайыма колдолнулуп келген турак- жайларынын түрлөрү. алардын сырткы, ички жасалгалары бирдей болгондугу белгиленди. Алардын аталыштарында эки элдин ортосунда айрым өзгөчөлүктөр байкалат. Тувалыктарда моңгол маданиятынын таасири тийгендиги билинет. Бирок мындай айрымачылыктар болгону менен этномаданий байланыштар эзелтеден эле болуп келгендиги изиликтөөлөрдүн негизинде талдоого алынып жыйынтыкталды.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.-Б.: 1999. - 85 бет.
2. [АТД].
3. Аристов,Н.А Труды по истории и этническому составу тюркских племен.- Б.: 2001.- С.150.
4. Андреев М.С. Орнамент горных таджиков и киргизов Памира.- Ташкент.: 1926.- С.14-15.
5. Радлов В.В. Из Сибири.- М.: 1989.- С.97-98.
6. Пестерев, Е. Примечание о прикосновенных около китайской границы жителях, как российских ясашных татарах , так и китайских мунгалах и сойотах, деланые Егором Пестеревым с 1772 по 1781г // Новые ежемесячные сочинения. СПб 1793. Ч. С.79 - 82.
7. [АТД].
8. Асанканов, А.А. Кыргызы Синьцзяна (КНР) .- Бишкек.- 2010.- 193 бет.
9. Абрамзон, С.М. - 85-бет.
10. [АТД].
11. Вайнштейн, С.И. Мир кочевников Центра Азии.- М.: 1991- С.43.
12. [АТД].
13. Севортян, Е.В. Этимологический словарь тюркских языков //Общетюркские и межтюркские основы на гласные. - М.:1977. - С.313.
14. Вайнштейн, С.И. М.: 1991- С.42
15. [АТД].
16. Фиельструп, Ф.А. Из обрядовой жизни киргизов начала XX века- М.:2002.- С.67.
17. Антипина, К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных кыргызов. - Фрунзе.: Изд-во АН Кирг.ССР, 1962.- С.166.
18. [АТД].
19. Антипина, К.И.- С.166.
20. Юдахин, К.К Кыргызча - орусча сөздук.- М.: 1965.- 177.бет.
21. [АТД].
22. Потапов, Л.П. Очерки народного быта тувинцев.- М.: 1969.- С.164-166.
23. Каралькин,П.И. Войлок и войлочные изделия у тувинцев // Ученые записки ТНИИЯЛИ.- Кызыл, 1970.- Вып. XIV.- С. 276 .
24. Андреев М.С. - 15-16 с.
25. Бичурин, Н.Я. (Иакинф) Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. - Т.I. М.-Л.: 1953.-С.6-7.
26. [АТД].
27. [АТД].


**Рецензент: к.и.н. Момунбаева Н.**